**БЕКИТЕМ**

**Адам Университетинин**

**ректору**

**С.Р. Сирмбард**

**«28» 03 2023-ж**

**Адам Университети**

# 2023-2024-окуу жылына

# КАБЫЛ АЛУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ

**Бишкек - 2023**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Ушул эрежелер Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 30-июндагы, №355, 2023-жылдын 28-февральдагы № 106 «КР жогорку окуу жайларына кабыл алуунун тартиби» токтомунун, КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 27-майында бекитилген №256 «Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары боюнча абитуриенттерди кабыл алуу жоболору» токтомунун жана КР билим берүүнүн башка нормативдик актыларынын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы №355 «Кыргыз Республикасынын Жогорку жана орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларын бекитүү жөнүндө» токтомунун негизинде иштелип чыккан жана Адам университетине кабыл алууну жөнгө салат (мындан ары Университет).

1.2. Университетке даярдоо багыттары боюнча жана кабыл алуунун планы КР Билим берүү жана илим министрлиги (мындан ары КР ББИМ) менен макулдашуудан кийин абитуриенттерди кабыл алуу жарыялайт.

1.3. Университеттин биринчи курсуна жалпы орто же орто кесиптик билими бар жарандар кабыл алынат.

1.4. Тездетилген программа боюнча окутууга ар кандай деңгээлдеги жогорку кесиптик билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү дипломү, ошондой эле тиешелүү профилдеги орто кесиптик билими бар адамдар окууга кабыл алынат. Кесиптик орто билим адистиктеринин жана аларга профили боюнча туура келген жогорку билим берүүчү багыттар жана адистиктердин тизмеси университет тарабынан өз алдынча аныкталат.

1.5. Магистрлерди даярдоо программасы боюнча окутууга мамлекеттик үлгүдөгү академиялык "бакалавр" даражасы же тийиштүү багыттагы "адистик" квалификациясы ыйгарылган жогорку кесиптик билими жөнүндөгү дипломү бар жарандар кабыл алынат.

1.6. Кыргыз Республикасынын жарандарын жана башка мамлекеттердин жарандарын жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча окутуу үчүн абитуриенттерди тандоо жана университетке кабыл алуу жылына эки жолу: жайында жана кышында жүргүзүлөт.

Университетке кышкы кабыл алуу ЖОЖдун каалоосу боюнча, жайкы кабыл алуудан кийин бош калган орундарга жүргүзүлөт.

1.8. Абитуриенттерди тандоо жана университетке кабыл алуу Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн ЖРТнын жыйынтыгы жана чет элдик жарандар үчүн АМС аркылуу жүргүзүлөт.

1.9. Университетте башка мамлекеттердин жарандарынын билим алуусу эл аралык келишимдердин негизинде Кыргыз Республикасынын билим берүү мыйзамынын, ошондой эле билим берүү мекемелердин же жеке жарандар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде жүргүзүлөт.

1.10. Абитуриент Университеттин Уставы, анын билим берүү ишмердүүлүгүнүн лицензиясы жана аттестациялоонун сертификаттары, кабыл алуунун эрежелери, ошондой эле кирүү сыноолорунун программалары жана башка кабыл алууда керектүү маалыматтар менен таанышууга укуктуу.

1.11. Университетте окутуу юридикалык жана жеке жактар менен түзүлгөн келишимдин негизинде акы төлөө аркылуу жүргүзүлөт. Келишимде эки тараптын укуктары жана милдеттери, окутуу акы төлөөнүн өлчөмү жана шарты белгиленет. Кабыл алуу комиссиясы абитуриентке өз ара милдеттерин, акы төлөөнүн тартиби жана суммасы менен тааныштырат.

1.12. Университетке кирүүнүн башкы критерийлери - абитуриенттердин билим деңгээли жана жөндөмү.

## 2. Университетке кабыл алууну уюштуруу

2.1. Окутуунун бардык формаларына абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу ЖРТнын жыйынтыгы боюнча (кышкы кабыл алуу үчүн – өгкөн жылдын ЖРТнын жыйынтыгы боюнча) автоматташтырылган маалыматтык система (мындан ары – АМС) аркылуу, ыйгарым укуктуу орган тарабынан жыл сайын белгиленген мөөнөттө жүргүзүлөт.

2.2. Университеттин окуу багыттарына студенттерди кабыл алууну уюштуруу үчүн ректордун буйругу менен кабыл алуу комиссиясы түзүлөт, кабыл алуу комиссиясынын төрөгасы Ректор болуп саналат.

2.3. Кабыл алуу комиссиясынын негизги милдети “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамын, КРнын Конституциясында белгиленген жарандардын билим алуу укугун сактоо, кабыл алуу процедураларынын айкындыгын камсыз кылуу болуп саналат.

2.4. Кабыл алуу комиссиясынын төрөгасы кабыл алуу планынын аткарылышына, лицензия тарабынан чектелген контингенттин, ЖОЖго кабыл алуунун нормативдик документтердин жана мыйзам чыгаруу актыларынын талаптарынын сакталышына жооптуу. Ошондой эле кабыл алуу жана аппеляциялык комиссияларынын мүчөлөрүнүн

милдеттерин аныктайт, апеляциялык комиссиянын жана жарандарды кабыл алуунун графигин, алардын иш тартибин бекитет.

2.5. Кабыл алуу комиссиясынын курамын: ректор – комиссиянын төрагасы, окуу иштер боюнча проректор – төраганын орун басары, жооптуу катчы, жооптуу катчынын орун басары, түзүмдүк окуу бөлүмдөрүнүн жетекчилери, техникалык катчылар, ошондой эле тажрыйбалуу профессорлор жана доценттер түзөт.

2.6. Жооптуу катчы кабыл алуу комиссиясынын ишин уюштурууга жооп берет. Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысынын кандидатурасы ректордун буйругу менен дайындалат жана КР Билим берүү жана илим министрлиги менен макулдашылат. Бир адам кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы болуп эки жылдан ашык иштей албайт.

2.7. Кабыл алуу комиссиясынын ыйгарымдуу укуктары бир жылдык мөөнөттү түзөт.

2.8. Кабыл алуу комиссиясы абитуриенттин ЖРТга катышкандыгы тууралуу маалыматтын аныктыгын көзөмөлдөөнү ишке ашырууга милдеттүү, ошондой эле абитуриенттин билими тууралуу тапшырган башка документтерди текшерүүгө укуктуу.

2.9. Чет өлкөлүк жарандыгы бар абитуриенттерге кирүү сынактарды уюштуруу жана өткөрүү үчүн кабыл алуу комиссиясынын төрагасы апелляциялык жана предметтик комиссиялардын курамын бекитет. Бул комиссиялардын ыйгарымдуу укуктары жана ишмердүүлүк тартиби ЖОЖдун ректору тарабынан бекитилген жоболор менен аныкталат. Сынак алуу комиссиялары Университеттин тажрыйбалуу окутуучуларынан түзүлөт. Бул комиссиянын курамы жыл сайын 50% дан кем эмес жаңылануага тийиш.

2.10. Тездетилген окуу курсуна, экинчи же кийинки курстарга кабыл алууда аттестациялык сыноолорду уюштуруп өткөрүү үчүн ЖОЖдо аттестациялык комиссиялар тузүлөт, алардын түзүү тартиби, курамы, ыйгарым укуктары жана ишмердүүлүк тартиби, ошондой эле аттестациялык сыноолорду өткөрүү процедуралары Университеттин ректору тарабынан бекитилген тиешелүү жоболор менен аныкталат.

2.11. Жогорку окуу жайына кабыл алууда кабыл алуу комиссиянын төрагасы жарандардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан аныкталган билим алуу укуктарын, кабыл алуу комиссиясынын ишинин айкындуулугун жана ачыктыгын, тапшыруучулардын жөндөмдүүлүгүн жана шыгын обьективдүү баалоону, кабыл алууну өткөрүүнүн бардык этаптарында кабыл алуу комиссиясынын жетекчилигине болгон жеткиликтүүнү камсыздайт.

2.12. Университеттин администрациясы кабыл алуу комиссияга конкурсту өткөрүүгө жана жыйынтыктары тууралуу абитуриенттерге маалымат берүүнү уюштурууну камсыз кылат.

### 3. Абитуриенттерге маалымат берүүнү уюштуруу

3.1. Абитуриент, анын мыйзамдуу өкүлдөрү, ата-энелер ЖОЖдун Уставы, анын билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө алган лицензиялары жана мамлекеттик же башка аттестациялоо (аккредитациялоо) сертификаттары, кабыл алуу эрежелери, ошондой эле кирүү сынактарынын программалары жана кабыл алууга байланыштуу башка маалыматтар менен таанышууга укуктуу. Окутуу акысын төлөө келишими менен окуу орундарына кабыл алууда комиссия абитуриентти, анын мыйзамдуу өкүлдөрүн, ата-энелердин, тараптардын милдеттери жана укуктары менен, окутуу акысынын өлчөмү жана төлөө тартиби менен, акысынын төлөөдөгү мүмкүн болуучу жеңилдиктер менен тааныштырууга милдеттүү.

3.2. Абитуриентти жана (же) анын ата-энесин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) кабыл алуу эрежелери менен тааныштыруу максатында Университете 3.1 пунктта көрсөтүлгөн документтерди өзүнүн расмий сайтына жайгаштырууга жана/же Университеттин маалымат аянтчаларын тариздөөгө милдеттүү.

3.3. Документтерди кабыл алууга чейин Университеттин кабыл алуу комиссиясы төмөнкүлөрдү жарыялайт:

- университетке жыл сайын кабыл алуу эрежелери;
- билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө алган лицензияга ылайык Университет кабыл алууга жарыялануучу даярдоо багыттардын тизмеси;
- ар бир даярдоо багыты боюнча жалпы билим берүүчү предметтердин чет өлкөлүк абитуриент – жарандар үчүн кирүү сынактарынын тизмеси;
- магистратура программалары боюнча окутуу үчүн кирүү сынактарын жана экинчи, андан кийинки курстарга кабыл алуу боюнча аттестациялык сынактарын өткөрүү формасы жана тизмеси;
- ар бир даярдоо багыты жана адистик боюнча биринчи курска кабыл алуу үчүн орундардын жалпы саны;
- кирүү жана аттестациялык сынактардын жыйынтыгы боюнча аппеляцияга берүү жана аны кароо эрежелери;
- окутуу акысын төлөө келишими боюнча тапшырган окуучулар үчүн келишимдин үлгүсүн;

- магистратура программалары боюнча окутуу үчүн кирүү сынактарын жана экинчи, андан кийинки курстарга окутуу үчүн аттестациялык сыноолордун өткөрүү мөөнөтү;

- окутуу акысын төлөө мөөнөтү;

3.4. Документтерди кабыл алуу мезгилинде Университеттин кабыл алуу комиссиясына түшкөн арыздардын саны жана конкурс тууралуу абитуриенттерге күн сайын маалымат берип турат, абитуриенттердин бардык суроолоруна жооп берүү үчүн атайын телефон линияларынын иштешин уюштурат. Түшкөн арыздардын саны, конкурс тууралуу маалымат, ар бир даярдоо багыты боюнча Университеттин расмий сайтында жана/же кабыл алуу комиссиясынын маалымат стендинде берилүүгө тийиш.

3.5. Кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмеси окуу жайдын сайтында жана маалымат стендде кийинки күнү саат эртең менен 10дон кечиктирибестен жарыяланышы тийиш.

## 4. Документтерди кабыл алуу

4.1. Университетке абитуриенттерди тандоо жана каттоо ЖРТ жыйынтыктары боюнча Автоматташтырылган маалымат системасы АМС аркылуу жүргүзүлөт.

4.2. Тездетилген программалар боюнча окууга документтерди кабыл алуу, ЖРТнын жыйынтыктарын талап кылбаган даярдоо багыттары жана адистиктер 20-июндан башталат, магистратура программалары боюнча 20-июндан башталып, 1-октябрда аяктайт.

4.3. Чет өлкөлүк абитуриент- жарандарды документтерин кабыл алуу жылына эки жолу: 20-июндан; 1-декабрдан тартып АМТ аркылуу жүргүзүлөт.

4.4. Чет өлкөлүк жарандыгы бар жана чет өлкөлүк жогорку окуу жайда билим алган жарандар атайын орто жана жогорку кесиптик билимдин базасында тездетилген программага, ошондой эле магистратурага жеке арыздын негизинде кабыл алынат. Арыз онлайн режиминд.

Арыз берүү учурунда абитуриент өздүгүн жана жарандыгын тастыктаган документ көрсөтүүгө тийиш.

4.5. Арызга тиркелет:

- мамлекеттик үлгүдөгү жалпы орто билими же орто кесиптик билими тууралуу документтер, бакалавр же адистик диплому;
- 3х4 өлчөмүндөгү 6 сүрөт;
- аскер күбөлүгү (уландар үчүн)
- паспорттун көчүрмөсү (туулгандыгы жөнүндө күбөлүк)

- кошумча документтер, эгерде ал Университеттин кабыл алуу эрежелеринде белгиленген жеңилдиктерге талапкер болсо, жеңилдетилген категориялар Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген кабыл алуу тартиби менен белгиленген (2022-жылдын 30- июнундагы Токтомдун 72-пунктун караңыз) жана университеттин ички ченемдик документтерине ылайык абитуриент тарабынан тапшырылышы мүмкүн.

4.6. Чет өлкөлүк жарандар кабыл алуу комиссиясына Кыргыз Республикасындагы жалпы орто же кесиптик орто билими жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документке эквиваленттүү болгон билими жөнүндөгү документ тапшырат. Чет өлкөлүк жарандардын документтерин экспертизалоо КР билим берүү жана илим министрлиги тарабынан өткөрүлөт. Чет өлкөлүк жарандардын билиминин мазмундук деңгээлинин шайкештиги жөнүндө КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан берилген аныктамасын көрсөтпөсө, Россия Федерациясы, Казакстан Республикасы, Тажик Республикасы жана Беларусь Республикасынын жарандарынан башкаларына, каттоого уруксат берилбейт.

4.7. Окуу акысын төлөө келишими боюнча орундарга ЖРТнын негизинде документтерди кабыл алуу КР ББИМ тарабынан бекитилген абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу турларын өткөрүү графигине ылайык башталат.

4.8. Ар бир окууга тапшырган абитуриентке өздүк дело ачылат, анда бардык тапшырылган документтер жана кирүү, аттестациялык сыноолорунун материалдары сакталат (ошондой эле анын ичинде аппеляциялык комиссиясынын чечиминин протоколунан көчүрмө).

4.9. Абитуриентке документтерди кабыл алынгандыгы тууралуу тил кат берилет.

4.10. Университеттин кабыл алуу комиссиясына жасалма документтерди тапшырган абитуриенттер КР мыйзамы тарабынан каралган тартипте жоопкерчиликке тартылат.

4.11. Университетке кабыл алуу жөнүндө арыз берүүдө абитуриент анын инсандыгын жана жарандыгын тастыктоочу документтин түп нускасын (же сырттан окуу бөлүмүно тастыкталган ксерокөчүрмөсүн), билими жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документтин түп нускасын жана керектүү санда фотосүрөтүн тапшырат.

4.12. Кыргыз Республикасынын жарандарынын документтеринин түп нускасы боюнча ксерокөчүрмөсүн тастыктоо Университет тарабынан жүргүзүлүшүнө уруксат берилет.

## 5. Кирүү сыноолору

5.1. Абитуриенттерди жалпы республикалык тестирлөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011–жылдын 27-майында бекитилген №256 токтомундагы "Жалпы

республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары боюнча абитуриенттерди жогорку окуу жайларына тандап алуу жана кирүү жөнүндөгү жобосуна" ылайык көз карандысыз тестирлөө кызматы өткөрөт. Абитуриенттерди кабыл алуу конкурсу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы №355 "Кыргыз Республикасынын Жогорку жана орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө" токтомунун негизинде жүргүзүлөт.

5.2. Абитуриенттерди окутууну бардык формалары боюнча окутуунун акы төлөө келишимине ылайык конкурска каттоо ЖРТнын жыйынтыктары боюнча гана жүргүзүлөт.

5.3. Абитуриент сертификаттын электрондук талонун Автоматташтырылган маалымат системасына каттап, ар бир турда окуу жайды тандоого укугу бар.

5.4. ЖОЖго абитуриенттерди тандоо жана катттоо үч турдан турат. Кийинки тур бош орундарга ылайык өткөрүлөт, каттоонун жана тандоонун үчүнчү туру КР Билим жана илим министрлигинин уруксаты менен жүргүзүлөт. Ваканттык орундар тууралуу маалымат экинчи жана үчүнчү турга чейин "Абитуриент онлайн" автоматташтырылган маалымат сайты, Университеттин маалымат стенди жана массалык маалымат каражаттары аркылуу абитуриенттерге жеткирилет. Ар бир тур өткөн сайын кабыл алуу эрежелери өзгөрүлбөйт.

5.5. Күндүзгү жана сырттан окутуу формаларына, ошондой эле окутуунун дистанттык технологияларды колдонуу менен окутуунун сынактарын жана конкурсту өткөрүү мөөнөтүн Университет өз алдынча бекитет.

5.6. Магистратура программасына окутуунун конкурсу жарандын жеке арызынын жана билими тууралуу дипломунун орто баллынын негизинде өткөрүлөт.

5.7. ЖОЖго жогорку билимдин базасында же профили боюнча орто кесиптик билим берүүнүн базасында тездетилген окутуу программаларына тапшырып жаткан жарандар кайра аттестациялоонун, мурунку билим алууда өткөн айрым дисциплиналарды окутуунун натыйжаларын кайра жүктөөнүн негизинде жожго кабыл алынат. Окуу жыйынтыктарын кайрадан аттестациялоо (перезачет ) Университет тарабынан өз алдынча жүргүзүлөт. Жогорку жана атайын орто билимдин базасында профили боюнча окутуунун тездетилген программасына тапшыргандар үчүн Университетке каттоо кайра аттестациялоонун, кээ бир дисциплиналар боюнча сынак тапшыруунун негизинде жүргүзүлөт. Тездетилген программаларды ишке ашырууда окуу мөөнөтү башка билим берүү программасы боюнча кесиптик орто билим берүүдө жана (же) жогорку билим алууда студент өздөштүргөн (окуган) айрым дисциплиналар (модулдар) жана (же) айрым тажрыйбалар боюнча окутуунун натыйжаларын толугу менен же жарым-жартылай кайра аттестациялоонун (перезачет) натыйжалары боюнча аныкталат.

5.8. Окутуунун багыттары боюнча конкурска негизги тест боюнча жогорку баллга ээ болгон абитуриенттер катышат. Окутуу акы төлөө келишими боюнча кабыл алууда Кыргызтест, «Алтын тамга» сертификаты бар, эл аралык жана республикалык олимпиаданын жеңүүчүлөрү, ЖРТга катышкан жана чектик баллга барабар же андан жогору балл алган шартта артыкчылыктуу укукка ээ болушат.

5.9. Университетте билим алууну каалаган абитуриент окуу жайдын кабыл комиссиясына документтеринин түп нускасын тапшырууга укуктуу. Каттоого жогорку баллга ээ болгон абитуриенттер сунушталат.

5.10. Аскер кызматын өтүп келген абитуриенттер Университетке окууга тапшырууда өзгөчө укуктарга ээ. Конкурска катышууга аскер кызматын өтүүгө чейинки сертификаты үч жылга жарамдуу. Абитуриент аскер кызматын өткөн белгиси бар аскердик билетин көрсөтөт. 2023-жылы көрсөтүлгөн категориянын абитуриенттери 2022 же 2021-жылынын ЖРТ сертификатын пайдаланса болот.

5.11. Абитуриенттин жогоруда аталган категорияларга таандык экендигин тастыктаган санариптештирилген документтер АМСке тиркелүүгө тийиш.

5.12. Университет кирүү жана аттестациялык сынактарды өкөрөт:

- чет өлкөлүк абитуриент-жарандар үчүн (тестирлөө);
- кыскартылган программаларга тапшырган абитуриенттер үчүн; (маектешүү же орточо баллы)
- экинчи же кийинки курстарга тапшырган абитуриенттер үчүн (маектешүү)
- магистратура программасына тапшырган абитуриенттер үчүн (маектешүү же орточо баллы).

5.13. Кирүү сынактары ЖРТ жыйынтыктары боюнча өткөрүү турлар менен бир мезгилде жүргүзүлүшү мүмкүн.

5.14. Университеттин кабыл алуу комиссиясы жалпы орто билими бар чет өлкөлүк абитуриенттер үчүн түзүлгөн тесттик тапшырмалардын негизинде кирүү сынактарын компьютердик тестирлөө формасында өткөрөт.

5.15. Кирүү сынактарын өткөрүү мөөнөтү: жайкы кабыл алуу – 1-июлдан 1-сентябрга чейин; кышкы кабыл алуу - 20-декабрдан 15-февралга чейин.

Чет өлкөлүк абитуриент- жарандар үчүн кирүү сынактарын өткөрүү мөөнөтү: жайкы кабыл алуу -1 - июлдан 15 – октябрга чейин; кышкы кабыл алуу - 20-декабрдан 15-февралга чейин.

Магистратура программалары боюнча кирүү сынактарын өткөрүү мөөнөтү 1-июлдан 1-октябрга чейин. Магистратура программалары боюнча окутуу үчүн Конкурс жарандардын арыздары боюнча кирүү сынактарынын жыйынтыгы боюнча өткөрүлөт.

Өзгөчө кырдаалда, ыйгарым укуктуу орган менен макулдашуусу боюнча кирүү сынактарын онлайн режиминде өткөрүүгө жол берилет.

5.16. Тесттик тапшырмалардын пакети жана ачкычы (жооптору) кабыл алуу комиссиясынын төрагасында мөөр басылган конвертте сакталып, тест өткөргөн учурда гана ачылат. Тесттин узактыгы Университет тарабынан аныкталат.

5.17. Кирүү сынактары башталганга чейин экзамен, тест, маектешүү эрежелери жөнүндө нускама берилет. Экзаменден кийин (тестирлөө) жоопторудун бланктары комиссия мүчөлөрү тарабынан электрондук почтадан алынып, экзамендик ведомосттор толтурулат жана экзамендик баракчаларды толтуруу үчүн техникалык катчыга өткөрүлүп берилет.

5.18. Экзамендик баракчасы жана жооптору абитуриенттин өздүк делосунда сакталат.

5.19. Чет өлкөлүк абитуриент-жарандарды – компьютердик тестирлөө үчүн Университет тарабынан аныкталган абитуриентке конкурска катышууга укук берүүчү минималдуу босого баллы 40% дан төмөн болбоого тийиш.

5.20. Окутуунун акысын төлөө боюнча келишими менен окуу орундарына студенттикке катталууга сунушталган абитуриенттердин тизмеси сынак өткөрүлгөн күндүн эртеси саат 10:00 дон кечиктирилбей жарыяланышы керек.

## 6. Катталуу

6.1. Университетке билими жөнүндөгү документтин түп нускасы же анын дубликаты бар жана Адам Университетинин келишиминин 6.1 пунктуна ылайык окуу үчүн төлөм жүргүзгөндөн кийин конкурстук негизде кабыл алынат.

6.2. Абитуриенттерди студенттердин катарына кабыл алуу ЖРТнын жыйынтыгы “Абитуриент онлайн” автоматташтырылган маалымат сайтына төмөнкү тиешелүү документтерди электрондук түрүндө каттоо жүргүзүлөт:

- паспорт же туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- ЖРТ нын сертификаты;
- Жалпы орто билими тууралуу аттестат, атайын орто билими же жогорку билим тууралуу дипломдун нускасы же дубликаты.
- аскер билети (уландар үчүн).

Документтердин түп нускасы жана сүрөт кабыл алуу комиссиясына окуу жылдын башында өткөрүлөт.

6.3. Абитуриенттерди студенттердин катарына кабыл алуу окуу акысын төлөө келишими боюнча жайкы кабыл алуунун жыйынтыгы 25-августга чейин, кышкы кабыл

алуунун жыйынтыгы – 15- февралга чейин, магистратура программаларына 1-октябрга чейин жүргүзүлөт.

6.3.1. Чет өлкөлүк жарандыгы бар абитуриенттерди жана чет өлкөлүк окуу жайларда окуган жарандарды окуу акысын төлөө келишими боюнча университеттин студенттеринин катарына орундарга жайкы кабыл алуунун жыйынтыгы 1-декабрга чейин, кышкы кабыл алуунун жыйынтыгы – 20- мартга чейин жүргүзүлөт.

6.4. Окутуу акысын төлөө келишими менен окуу орундарына оң баага шайкеш келген абитуриенттер студенттикке катталат:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган жеңилдиктерге ээ болгон запастагы аскер кызматчылары;
- Томолой жетимдер жана ата-энесинен кароосуз калган балдар (үстүбүзтөгү жылдын 1-октябрына чейин 18 жашка толо элек);
- Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 03-апрелиндеги «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» №38 Мыйзамына жана Адам университетинин 2021-жылдын 29-октябрындагы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды Инклюзивдик билим берүү жөнүндө жобосуна ылайык медициналык-социалдык экспертизанын корутундусуна негизинде тандаган багыты боюнча жождо окууга мүмкүн болгон ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жарандар;
- Эл аралык жана республикалык олимпиадалардын жеңүүчүлөрү (үстүбүздөгү жылы 1-3 орундарды ээлегендер.), эгерде олимпиада предмети ЖОЖдогу тандаган багыты боюнча негизги болуп эсептелсе.

6.5 Кирүү сынактарына жүйөөсүз себептер менен келбей калган жана сыноолордо канааттандырарлык эмес баа алган тараптар конкурска катышпайт жана студенттикке катталбайт.

6.6. Конкурстун жыйынтыгы боюнча студенттикке кабыл алынгандыгы тууралуу Буйрук (буйруктар) кирүү сыноолорунда топтогон же ЖРТ сертификаты боюнча баллдардын саны көрсөтүлүү менен Университеттин расмий сайтына жарыяланат жана кабыл алуу комиссиясынын маалымат стендине илинет.

## 7. Аппелляцияга берүүнүн жана аны кароонун жалпы эрежелери

7.1. Кирүү жана аттестациялык сыноолордун жыйынтыгы боюнча абитуриент, сынакты өткөрүүнүн (анын пикири боюнча) аныкталган тартиби бузулгандыгы жана/же анын жыйынтыгы менен макул эместиги тууралуу жазуу түрүндө арыз менен аппеляциялык комиссияга кайрылууга укуктуу ( мындан кийин аппеляция) .

7.2. Апелляцияны кароо сынакты кайра тапшыруу болуп саналбайт. Апелляцияны кароодо кирүү сынактын жыйынтыгын баалоонун тууралыгы гана текшерилет.

7.3. Апелляция сынак баалары жарыяланган күндүн эртеси абитуриенттин жеке өзү тарабынан берилет. Кабыл алуу комиссиясы апелляцияларды кабул алууну толук жумуш күнү ичинде жүргүзүүнү камсыз кылат.

7.4. Апелляция каралып жаткан учурда абитуриент катышууга укуктуу. Абитуриентте анын инсандыгын тастыктоочу документи жана экзамендик баракчасы болууга тийиш.

7.5. Жашы жете элек абитуриент менен (18 жашка чейин) ата-энесинин бири же алардын мыйзамдуу деп таанылгын өкүлү (жашы жете электерди эсепке албаганда) апелляцияга катышууга укуктуу.

7.6. Апелляция каралгандан кийин апелляциялык комиссия экзамендик сынактын баасы тууралуу чечим чыгарат.

7.7. Апелляциялык комиссияда пикир келишпестиктер пайда болсо, добуш берүү өткөрүлөт, чечим добуштардын көпчүлүгүнө ылайык чыгарылат. Апелляциялык комиссиясынын протоколунун чечими абитуриентке (кол койдуруу менен) маалымдалат.

## 8. Маалымат берүү жана көзөмөлдөө

8.1. Университет КР Билим берүү жана илим министрлигине жайкы кабыл алуунун жыйынтыгы боюнча 10 - декабрга чейин, кышкы кабыл алуунун жыйынтыгы боюнча 20 - мартга чейин акы төлөө негизинде окууга кабыл алуу жөнүндө жыйынтыктоочу маалыматтарды берет.

8.2. Университеттин кабыл алуу комиссиясынын ишин көзөмөлдөө КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан жүргүзүлөт.